**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**КЫЗЫЛ-ТУУ**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**КЫЗЫЛ-ТУУЙСКИЙ**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

Кызыл-Туу айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын кезектеги
жыйырма төртүнчү сессиясы

# ТОКТОМ

**Мундуз айылы** **№ 24-9** **21-август 2026-жыл**

## Жаңы-Ачы айылындагы айылындагы жер аянтын бир багытынан башка багытка которууга макулдук берүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын негиздеп, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн алдында түзүлгөн жер комиссиясынын отурумунун 2026-жылдын 22-июлундагы № 1 протоколунун, Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 18-августундагы чыгыш № 01-28/1462 сандуу катынын негизинде Кызыл-Туу айылдык кеңешинин айыл чарба, архитектура, курулуш, транспорт, экология жана өзгөчө кырдаалдар маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2026-жылдын 19-августундагы № 12 протоколун угуп жана талкуулап, Кызыл-Туу айылдык кеңешинин XXIV сессиясы токтом кылат:

1. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары Н.Садыковдун берген маалыматы эске алынсын.
2. Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн Жаңы-Ачы айылынын чыгыш тарабындагы жалпы аянты 3,0 га жер тилкесин, анын ичинен № 38 контурдагы 1,4 га таштуу жайыт жана № 40 контурдагы 1,6 га курулуш алдындагы жерлерди «Айыл чарба багытындагы жерлер» категориясынан «Өндүрүштүн, транспорттун, байланыштын, энергетиканын, коргоонун жерлери жана башка багыттагы жерлер» категориясына которууга макулдук берилсин.
3. Ушул токтомду колдоп берүү жагы Сузак райондук мамлекеттик администрациясынан суралсын.
4. Бул токтомдун аткарылышы Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Абдурашидовго милдеттендирилсин.
5. Бул токтом Кызыл-Туу айыл өкмөтүнүн расмий сайтына жарыяланып, Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине каттоого жиберилсин.

**Төрага** **А.Р. Алимов**